**БЕКИТЕМ**

**Мектеп директорунун**

**милдетин аткаруучу**

**__________Э.Джаналиева**

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин усулдук кенешинин 2022-2023-окуу жылына карата иш-планы.**

| № | Аткарулуучу иштин мазмуну | Моонотү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | 1.1 Өткөн окуу жылындагы усулдук кенештин анализи<br>1.2.2022-2023-окуу жылына карата усулдук кенештин планын талкулоо<br>1.3.Окуу програмасына ылайык жаны окуу жылына сааттарды бөлүштүрүү<br>1.4 Edupage, электрондук күндөлүктү колдонуу (талкуу) | Август | Окуу бөлүм башчысы<br>Пред.мугалимдер<br>Администрация<br>Окуу бөлүм башчысы |
| 2 | 2.1. Насаатчылыкты уюштуруу<br>2.2 . Окуучу жаштардын руханий-адеп-ахлахтык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепциясы.(талкуу)<br>2.3. Талантуу окуучулар менен иш жүргүзүү<br>2.4. 2021-2022-жылдары КРсынын Кыргыз жараны деп өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясы (талкуу) | Сентябрь | Окуу бөлүм башчысы<br>Тарб.иш.уюштуруучу.<br>Предметтик мугалимдер<br>Андосова А<br>Болотбек кызы Айжаркын |
| 3 | 3.1. 2021-2024-жылдары КРсынын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы жана билим берүү программасы. (талкуу)<br>3.2. Орус тили жана адабияты сабагында мультимедиялык каражаттарды колдонуу (мастер класс)<br>3.3. Кыргыз тили жана адабияты сабагын окутууда өзүн-өзү баалоо усулун колдонуу | Октябрь | Окуу бөлүм башчысы<br>Эшмукамбетова Б<br>Уметова М<br>Тилек кызы Гулзада<br>Термечикова А<br>Болотбек кызы Жанара |
| 4 | 4.1.Олимпиядага , ЖРТ , Алтын сертификатка, PIZA-2025 Эл аралык изилдөөсүнө даярдоо, тесттин түрлөрүн колдонуу ыкмасы<br>4.2. «Предметтик мазмундуу жана балдар адабиятынын чыгармаларын интеграциялоо жолдору» (мастер класс)<br>4.3«Биология сабагында кайтарым байланыштын ыкмаларын колдонуу» (мастер класс) | Ноябрь | Капарова А, Орозобекова Н<br>Тилек кызы Гулзада,<br>Болотбек кызы Айжаркын<br>Мырзакалыкова Т<br>Дилдеева М<br>Кенжебаева Г |
| 5 | 5.1. «География сабагында класстын жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү формасын пайдалануу»(мастер класс)<br>5.2.Мектепте жана аймакта өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыктары | Декабрь | Султанбаева Р<br>Окуу бөлүм башчысы<br>Предметтик мугалимдер |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | 6.1. «Дифференциялык жана интеграциялык окутуу усулдары» (мастер класс)<br>6.2. Информатика сабагында «Rahoot», «Plickers», «Zip Crade» тесттик ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын логикалык ой жөндөмүн өстүрүү. | Январь | Орозобекова Н<br>Нурум кызы Элзада |
| 7 | a. Англис тили сабагында аудио, видео, иллюстративдик технологияларды колдонуу менен окуучулардын кызыгуусун арттыруу. (мастер класс)<br>7.2. Физика предметин окутууда окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү үчүн заманбап мультимедиялык каражаттарды колдонуу..(мастер класс) | Февраль | Сенарбекова Э<br>Чакиева Н<br>Капарова А |
| 8 | 8.1. Окуучулардын билим сапатын текшерүү иретинде 7-8-класстардан тесттик иштерди жүргүзүү.<br>8.2 «Кол өнөрчүлүк-улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү», (мастер класс) | Март | Окуу бөлүм башчысы, предметтик мугалимдер<br>Предметтик мугалим |
| 9 | 9.1. Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн жогорулатуу.<br>9.2. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу.<br>9.3. Сабактарга үзгүлтүксүз катышуу.<br>9.4. Көргөзмө куралдар боюнча конкурс. | Дайыма<br>Учурунда<br>Өз убагында<br>Чейрек сайын | Предметтик мугалимдер<br>Насаатчылар<br>Предметтик мугалимдер<br>Окуу бөлүм башчысы |
| 10 | 10.1. 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын материалдары менен таанышуу, талкулоо.<br>10.2. 4-класстын окуучуларынын билим сапатын текшерүү иретинде жат жазуу, текшерүү иши тест , окуу тездигин алуу.<br>10.3 ..«Музыка –сезимдин тили. Өспүрүмдүн адептик ан- сезимине музыканын тийгизген таасири». (Мастер класс)<br>10.4. « Жаны технологияларды колдонуу менен окуучулардын теориялык алган билимдерин практика жүзүндө колдоно билүүгө көнүктүрүү.» | Апрель | Окуу бөлүм башчысы<br>Предметтик мугалимдер<br>УБ жетекчиси.<br>Предметтик мугалим.<br>Жумалиева З |
| 11 | 11.1. «Жылдын мыкты окуучусун» табуу « Билим турнири»<br>11.2. Билим сапаты боюнча мониторинг.<br>11.3. Көчүрүү жана бүтүрүү аттестациясын жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү . | Май | Окуу бөлүм башчысы<br>УБжетекчилери<br>Окуу бөлүм башчысы<br>УБжетекчилери. |

Окуу бөлүм башчысы: Джаналиева Э

Сканировано с CamScanner

# Максаты:

1. Окутуунун негизги усулдарын, компьютердик программаларды мезгил талабына ылайык колдонуу менен окуучулардын билим сапатын 3% жогорулатуунун үстүндө тынымсыз иштөө

2. Мугалимдин тынымсыз кесиптик өнүгүүсүнө шарт түзүү, окутуунун иновациялык усулдарын, маалымат булактарын колдоно билүүсү, окуучулардын жөндөмүн эске алуу, заманбап билим берүү менен окуучунун Кыргыз жараны деп өзүн таанусун, руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясынын жетиштүү денгээлдеги бирдиктүүлүктү камсыз кылуу.

1. Олимпиадага, ЖРТга, «Алтын тамгага», «Алтын сертификатка», PISA-2025 Эл аралык изилдөөсүнө катышууга окуучуларды талапка ылайык даярдоодо усулдук жардам көрсөтүү

# Милдети:

1. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу
2. Салттуу жана аралыктан окутууда мультимедиялык каражаттарды, окутуунун усулдарын колдонуп, мастер класстарды өтүү, сапаттуу билим берүү
3. Олимпиадага жана ЖРТга даярдоону күчөтүү
4. Жылдын мыкты мугалимин, окуучусун аныктоо

Сканировано с CamScanner

## Усулдук кенеш

1 ) Педагогикалык,усулдук жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрөт жана ишке ашырат түзөт.

2 )Усулдук бирикмелер менен окуу пландарын бекитет.

3 )Талантуу,шыктуу окуучуларды аныктайт, мугалимдерге бекитет.

4) Алдынкы тажрыйбаларды жайылтат.

5) Усулдук кенеште көйгөйлөрдү аныктайт жана чечүү жолдорун изилдейт.

6 )Өткөн окуу жылга карата анализ жүргүзөт.

7)Мугалимдердин өздүк билимин көтөрүүсүн багыттайт.

8)Курстар өтүү учурун тактайт ,өткөрөт.

9)Мугалимдерди кезектеги аттестациядан арызы,учуру,административдик демилге менен өткөрөт.

10)Дидактикалык жана усулдук көрсөтмөлөрдү топтоо иштерин текшерет.

11)Автордук тажрыйба мектебине көмөк көрсөтөт.

12) «Жылдын мугалими», «Жылдын мыкты окуучусун» аныктайт.

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин педжамааты менен усулдук кеңештин кезектеги жыйналышы 2022-жылдын 30-августунда болуп өткөн №1 протоколу**

Бардыгы-33 мугалим

Катышканы-33 мугалим.

Каралуучу маселе

1. Өткөн окуу жылына карата усулдук кеңештин анализи.
2. 2022-2023- окуу жылына карата усулдук кеңештин иш планын талкуулоо,
3. Окуу программасына ылайык жаны окуу жылына сааттарды бөлүштүрүү.
4. Эдупейдж электрондук күндөлүктү колдонуу ( талкуу.)

Угулду: Күн тартибинде каралып жаткан биринчи маселе боюнча Джаналиева Э төмөнкүлөргө токтолду. 2022-2023- окуу жылындагы усулдук кенештин максаты мезгил талабына жараша окутуунун сапатын жакшыртуу , окуучулардын билим сапатын көтөрүү, ал эми милдети мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу., билим сапатын арттырууда жаны технологияларды, окутуунун усулдары кенири колдонууну жайылтуу, тажрыйбалуу мугалимдердин иш ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу . Мектептеги ар бир мугалимдин иши алгылыктуу болуш үчүн администрация 15,26 сааттан кем эмес, өзлөрүнө ыңгайлуулукта сабактардын жүгүртмөсү түзүлүп берилген. Сааттарды бөлүшүн көзөмөлдөө жана сунуштоо ар бир усулдук бирикмелердин жетекчилери менен чечилди. Бардык мугалимдерде эч кандай наарызычылык болгон жок. Усулдук кенештин иш аракеттери негизинен усулдук бирикмелердин пландары менен шайкеш түзүлөт. Усулдук кенеште негизинен төмөнкүлөр каралган башталгыч мектеп үчүн мамлекеттик билим берүүдөгү ченемдик документтер жөнүндө, билим берүү чөйрөлөрүнүн калыптандыруунун принциптери жана негиздери. Негизги компетенттүүлүк. Предметтик стандарт деген эмне? Насаатчылык боюнча иш чаралар. Окуучулардын өз алдынча иштөө иштерин уюштуруунун жолдору ( математика, физика сабактарында, тегерек стол). Тесттер менен иштөө усулу талкуу. Жаны технологияларды колдонуу менен окуучулардын орус тили сабагына болгон кызыгуусун арттыруу ( семинар), баалоо, окутуу каражаты катары талкуу . «2021-022-жылдары КРсынын кыргыз жараны деп өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясы» (талкуу), «2021-2024-жылдары КРсынын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы жана билим берүү программасы» (талкуу). Билгенин маанилүү эмес, өзүндүн билиминди кантип пайдаланасын (семинар) жана өз билимин жогрулатып келген мугалимдер менен семинар , талкуулар өтүлөт.

Усулдук кеңеш 2022-2023- окуу жылында төмөнкүдөй милдеттерди койду.

1. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу
2. Окуучулардын билим сапатын 3 % көтөрүү
3. Мультимедиялык каражаттарды, окутуунун усулдарын колдонуп мастер класстарды өтүү
4. Олимпиадага, ЖРТга даярдоо

Үстүбүздөгү окуу жылында бардык мугалимдерде бирдей милдет бар. Ал милдет сапаттуу билим берүү. Ошондуктан бүгүнкү күндөн баштап ар бир мугалим чыгармачылык менен изденүүчүлүк менен өз ишине мамиле жасап алдыга койгон максаттарды аткарышыбыз керек.

Угулду: Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы төмөнкүлөргө токтолду: Мектептик билим берүүнү жаңылоо процесси. Билим берүүнүн натыйжаларын баалоону жаныча ой жүгүртүүгө, билимдүү жана тарбиялоо түшүнүктөрдү компетенция жана компетенттүүлүк түшүнүктөрүнө, ишмердүүлүктүн ыктары, компетенция мамиле катары каралууда. Компетенциялык мамиле бүгүнкү күндө жалпы билим берүүчү мектептерде табигый процесс катары каралып ички маңызы жана максаттары жаңылануда. 21-кылымдын башында дүйнө глобалдык масштаптагы өзгөрүүлөргө кадам таштаганы, биздин өлкөдөгү өзгөрүүлөгө дагы алып келди. Постиндустриалдык коомго өтүү глобалдык процесстерди күчөтүп, мамлекеттер жана өлкөлөр арасындагы маданий өз ара мамилелердин активтешүүсүнө жана эл аралык Эмгекти бөлүштүрүүдө биригүүнү күчөттү. Мындай

Сканировано с CamScanner

шарттарда жаңы нормалар келип чыкты. Алар: жашоонун күн сайын өзгөрүп турган шарттарында жаңы салттуу эмес көйгөйлөрдү чечүүнү талап кылат. Көп маданияттуу коомдун шартында адамдардын өз ара мамиле түзүүсүндө жогорку бийик талаптарды коюуда. Жогорудагы талаптар КР билим берүү системасын өзгөрүүсүнө да талаптар коюлуп ага жооп катары КР өкмөтү 2004 жылдын 21 июлунда №554 Токтомдун негизинде биринчи муундагы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын кабыл алган. Бул документте- окутуунун жана тарбиялоонун максаттарында жана натыйжаларында

-билим берүүнүн мазмуну
- мугалим педагогикалык ишмердүүлүгү.
-окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгү
- билим берүү процессин технологиялык жактан камсыздоо
-мектептин сырткы чөйрө менен байланышы
-мектептеги билим берүү чөйрөсү
-мектепти каржы , материалдыке-техникалык уюштуруу жана кадыр менен камсыздоо
-предметтик стандарттар, окуу пландар, окуу методикалык комплекстер
-мамлекттик стандарт, предметтик стандарттарды, окуу планын жана негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу негиз болуп саналат.

Угулду: Күн тартибиндеги төртүнчү маселе боюнча УБ жетекчиси Султанбаева Р. төмөнкүлөргө токтолду Эдупейдж менен 2 жылдан бери иштеп келе жатабыз. Окуучу жана ата эне менен түздөн түз байланышып туруу мүмкүнчүлүгү болот. Окуучунун сабакка келбей калганы, кечигип келгенин ата эне телефон менен барган билдирүү аркылуу ошол замат билет. Ошондой эле окуучу алып жаткан баасы, берилген тапшырмалар менен ата энелер таанышып турушат. Деме ката эне менен тыгыз байланышта боло алабыз.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап усулдук кеңеш чечим чыгарат

**ЧЕЧИМ**

1. Усулдук кеңештин өткөн окуу жылында аткарган иш чаралары канааттандырарлык деп белгиленсин.
2. 2022-2023-окуу жылына карата усулдук кеңештин көйгөйүн аныктоо менен аткара турган максат, милдеттери аныкталсын.
3. Жаңы окуу жылына карата усулдук кеңештин иш планы алымча кошумчасы менен бекитилсин.
4. Ар бир мугалимге Эдупейдж электрондук күндөлүк менен толук кандуу иштөө жагы милдеттендирилсин.
5. Усулдук кеңештин чечимин аткаруу жагы окуу бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн.

Усулдук кеңештин төрайымы Джаналиева Э.
Катчысы Термечикова А

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин усулдук кеңештин 2021-жылдын 30-сентябрында өткөн отрумунун №2 протоколу .**

Бардыгы- 33 мугалим

Катышканы- 33

Каралуучу маселе

1. Насаатчылыкты уюштуруу (окуу бөлүм башчысы)
2. Окуучу жаштардын руханий-ахлахтык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепсиясы (талкуу Мокешова А)
2. Таланттуу окуучулар менен иш жүргүзүү.

Угулду: : Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Э. Джаналиева төмөнкүлөргө токтолду. Насаатчылыкты уюштуруу- бул жаш адисти кесиптик калыптанышы жана өнүгүшү үчүн тажрыйбалуу педагогдун жеке окутуусунун жана тарбия берүүсүнүн формасы. Насаатчылыкты ишке ашырууда колдоого алынган педагогтордун практикалык билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга өзгөчө көңүл бөлүнөт. Насаатчылык жамааттык түрдө жүргүзүлүшү да мүмкүн, мындай учурда бир насаатчыга бир нече жаш адис / педагогдор бекитилип, ошол эле учурда жеке насаатчылык да жүргүзүлөт. (жардамчылык)

Насаатчылык-бул кесиптик мамилелердин модели. Мындай моделде тажрыйбалуу мугалим менен жаш мугалимдин, мугалим менен окуучунун, мугалим менен мектеп администраторунун ортосунда өзгөрүп турган билим берүү мейкиндигинин жаңы шарттарына ылайыкташуу процессиндеги шериктештик божомолдонот. Тажрыйбалуу мугалимдер жаш мугалимдер менен иш алып барышат. Мектепте 4 жаш мугалим бар. Аларга насаатчы мугалимдер бекитилген. Башталгыч класстын мугалими Жумакадырова Н- насаатчы Ибраева Г., Замыйбекова Т .- насаатчы Мырзакалыкова Т., Болотбек кызы Айжаркын .- Андосова А., Сейтказиев С, насаатчысы Маданбеков Н. Насаатчылык боюнча атайы план түзүлгөн, пландын негизинде иш жүргүзүшөт.

Насаатчы Ибраева Г., жаш мугалим Жумакадырова Н. . Насаатчылык боюнча атайы план түзүлгөн, пландын негизинде иш жүргүзөм. Нуркызга ар тараптан жардам берүүгө аракет кылам. Сабактарыма дайыма катышат. Нуркыздын да сабактарына катышып, жардам берип турам.Таланттуу, жардамга муктаж окуучулар менен иштөөдө да жаржам көрсөтүп турам.

Таланттуу окуучулар менен иштөө боюнча атайын план түзүлгөн ошол пландын негизинде иш чаралар жүргүзүлүүдө. Мен таланттуу окуучулар менен иштөөдө ачык тест, логикалык тестер менен көбүрөөк иштейм. Ар бир окуучуну талантына жараша тандап алып иштейм. Даяр тесттен сырткары мугалим өзү дагы тест даярдаш керек. Кошумча материалдарды көбүрөөк колдонууга аракеттенем.

Угулду: 2-маселе боюнча Мокешова. А . төмөнкүлөргө токтолду Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепциясы Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Физкультура жана спорт жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар” жөнүндө мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандан руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө “Жарлыгын жетекчиликке алуу менен иштелип чыккан.

Концепция билим берүү уюмдарынын инсанды социалдаштыруу ишмердиги менен алек болуучу башка субьектилери менен кызматташуусун камсыз кылуучу негизги нормативдик-баалуулук катары колдонууга сунушталат. Мындай ишмердүүлүктүн негизги максаты-инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылууда жетиштүү деңгээлдеги бирдиктүүлүктү камсыз кылуу болуп саналат.

Концепция:

Сканировано с CamScanner

- улуттук, адамзаттык, үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарга, жогорку моралдык ченемдерге жана сергек жашоо образына таянган улуттук тарбиялык идеалды мүнөздөйт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу максатын, милдеттерин жана базалык баалуулуктарынын системасын аныктайт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуучу негизги социалдык-педагогикалык шарттарды жана жетекчиликке алынуучу принциптерди тактайт;
- билим берүү уюмдарына инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүү жана дене тарбиясы боюнча коомдук заказды максаттуу, натыйжалуу жүзөгө ашыруу багытындагы илимий педагогикалык талаптарды тариздейт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн жана дене тарбиясын милдеттерин жүзөгө ашыруудагы үй-бүлө, коомчулук жана билим берүү уюмдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана башка коомдук түзүмдөрүн өз ара аракеттесүүнүн натыйжалуу механизмин аныктайт.

Угулду: күн тартибиндеги 3-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Джаналиева Э төмөнкүлөргө токтолду: 2022-2023-окуу жылынын башында предметтер боюнча таланттуу жана жетишпеген окуучулар менен иштөөнүн пландары түзүлүп мектеп директору тарабынан бекитилип, ошол пландын негизинде иш-чаралар аткарылып жатат. Сабактардын жүгүртмөсү түзүлгөн.

Усулдук кеңешмеде мугалимдер жамааты менен ар бир предметте өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштөө окуу жылынын алгачкы күндөрүндө эле талкууланып тастыкталат.Бирок жылыңкы окуу жылда башка-башка окуучу менен эмес,накта мурдатан педагогикалык кызматташтык, окуучу мугалим бирдикте аракеттенишүүнүн үзгүлтүксүздүгү сакталуу процессинин негизинде болот. Предметтик мугалим өзүнө кеминде сегизге чейин окуучу менен тереңдетилген программа боюнча класстан тышкаркы мезгилде сабак өтүшөт. Таланттуу окуучулардын өзүлөрүнүн аракеттери бири-бирине болгон атаандашып окуусу жакшы ийгиликтерди жаратат, компьютерде дисктер аркылуу окуу, тесттердин суроолоруна жооп берүү, мультимедиялык каражаттарды колдонуу, дифференцирлеп окутуу окуучунун ынтызарлыгын жогорулатат.

Жарыш сөзгө Андосова А, Султанбаева Р, Исаева Э чыгып таланттуу окуучулар менен иштөөдө өзүлөрүнүн иш тажрыйбалары жөнүндө айтып беришти.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап усулдук кенешке катышкандар төмөнкүдөй чечим кылат.

**Чечим**

1. Насаатчы мугалимдер бөлүнүп берилген жаш мугалимдер менен тынымсыз иштөө милдеттендирилсин.

2. Окуучу жаштардын руханий-ахлахтык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепсиясын ишке ашыруу максатында ар бир мугалим тарбиялык сааттарды, КВН, талкуу, викториналарды талапка ылайык өтүп туруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ар бир мугалим өзүнө бекитилген таланттуу окуучу менен ырааттуу, өзгөчө план менен иш алып барсын.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Э. Джаналиевага жүктөлсүн.

Усулдук кеңештин төрайымы Джаналиева Э.
Катчысы Термечикова А

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын 31-октябрында өткөн усулдук кенештин кезектеги отрумунун №3 протоколу**

Бардыгы-33
Катышты-32
Себептүү-1
Каралуучу маселелер:
1.2021-2022-жылдары КРсынын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы жана билим берүү программасы. (талкуу)
2. Орус тили жана адабияты сабагында мультимедиялык каражаттарды колдонуу (мастер класс Уметова М, Эшмукамбетова Б)
3. Кыргыз тили жана адабияты сабагында өзүн өзү баалоо усулун колдонуу (мастер класс Термечикова А, Тилек кызы Гулзада, Болотбек кызы Жанара)

Угулду: Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Джаналиева Э. төмөнкүлөргө токтолду:Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө жашоонун жаңы шарттарына ыңгайлашуу жолунда турат. Ата мекендик билим берүү системасы ыңгайлашуу шарттарында маанилүү ролду ойнойт, анткени адам капиталы жана анын ийкемдүүлүгү өлкөнүн өзгөрүп туруучу шарттарга келечекте ийгиликтүү өнүгүү жана ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүгүн аныктайт.
2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү программасы (мындан ары - Программа) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 токтому менен бекитилген 2012-2020-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясына киргизилген реформаларды ишке ашырууну улантуу максатында иштелип чыккан жана программалык документ болуу менен тиешелүү чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты аныктайт.
Программа, анын милдеттери жана индикаторлору ТӨМдүн жаңы аныкталган индикаторлорун, ошондой эле прогресске мониторинг жүргүзүү боюнча максаттуу көрсөткүчтөр, чыгымдар жана милдеттенмелер менен катар сектор үчүн узак мөөнөттүү максаттарга жана стратегиялык багыттарга жетишүүнү колдоо боюнча механизмдер жана иш-чаралар баяндалган тиешелүү иш-аракеттер пландарын даярдоодо кайрадан каралып чыгат.
Угулду: 2-маселе боюнча Эшмукамбетова төмөнкүлөргө токтолду. Орус тили сабагын кызыктырууда интернетти колдонуу жана мультимедиялык колдонмолорду колдонуп өтүү окуучуларга бул сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Жөн гана мугалимдин айтканын угуп отурбастан компьютердик технологияларды колдонууда угуу, көрүү жана логикалык ой жүгүртүүлөрү өсөөрүнө шек жок. Мультимедиялык колдонмолорду колдонуп өтүүдө окуучулар эч качан сыртта калбайт. Эн начар өздөштүргөн окуучу да жаны сөздөрдү угуп, көрүп жана кайталооого аракеттенет.
Орус тили сабагынын мугалими Уметова М төмөнкүлөргө токтолду: Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусунун аздыгына байланыштуу, сабак өтүүдө заман талабына ылайык жаны технологияларды колдонобуз. Эн зарыл ишибиз, окуучуларды бул сабакка кызыктыруу, ар бир окуучу менен тыгыз байланышта болуп, жекече иш алып баруу, алган билимдерин турмушта колдоно билгидей кылып үйрөтүү деп түшүнөбүз. Бул максаттар ишке ашырууда жаны технологиялардын жардамы зор. Мисал келтирсек жаны теманы түшүндүрүүдө иллюстративдик ыкманы колдонуу зарыл, бул ыкманы колдонууда сыналгынын жардамы менен сүрөттөрдү же видеолорду көргөзөбүз. Сүйлөө кебин өстүрүүдө аудио угузууларын угузабыз Эн негизгиси жаны технологиянын жардамы менен окуучулардын угуусун, сүйлөө кебин сөздөрдү туура айтуусун өнүктүрө алабыз
Угулду: 3-маселе боюнча Термечикова А төмөнкүлөргө токтолду. Сабакта окуучунун өзүн өзү баалоосу мугалимге окуп-үйрөнүү процесси кандай жүрүп жаткандыгы тууралуу

Сканировано с CamScanner

түшүнүк берет, окуучулардын жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымдайт.
Бул процессти байкап барууга төмөндөгү ыкмаларды колдонууну сунуштайм.

**"Билим пирамидасы"**

Мугалим балдарга уй тапшырма берип жаткан учурда эле, бул ыкманы да айта кетсе болот.
Өтүлгөн тема боюнча алган маалыматтарын топтоштуруу
Өз билимдеринин пирамидасын түзүү.
Бул мындайча ишке ашырылат. Балдар кагазга же дептерлерине, алган маалыматтарын топтоштуруп алышат да, андан пирамиданы тургузушат.
3.Түзгөн пирамидаларын кийинки сабакка алып келишет.
4. Мугалим окуучунун түзгөн пирамидасына карап баалайт же балдардын түзгөн пирамидаларын бири-бирин баалоону уюштурат.

«Эки беттүү куш кат»

Телесабактан кийин окуучулардан төмөндөгү таблицаны толтуруу өтүнүү

| Өтүлгөн темадан мен үчүн түшүнүктүү болгон маалымат | Менин суроом бар |
|---|---|
| | |

Кайтарым байланыш убактысы келгенге чейин окуучулардан маалыматты топтоштуруу
Окуучулардын суроолорун типтештирүү
Суроолорго материалдарды, интернет шилтемелерди даярдоо
Таблицанын биринчи бөлүгүндөгү маалыматтар боюнча мини тест даярдоо

«Бир мүнөттүк эссе»

Бир мүнөттүк эссе жазуу үчүн мугалим төмөнкү суроолорду берет:
Бүгүн эмнени үйрөндүң?
Кайсы суроолор түшүнүксүз бойдон калды?
Мугалим окуучуларга тема боюнча үйрөнгөндөрү жөнүндө ой-пикирин билдирүү үчүн 1 мүнөт убакыт белгилейт.
Суроолор жана өздөштүрүлгөн маалыматтар менен талкуу уюштурат

«Жол чырак» (светофор)

Окуучулар конференцияга катышканга чейин жол чырактын түсүн чагылдырган карточкаларды даярдап алуусу зарыл.
Мугалим кайсы бир ырастоону айтканда,маселен, окуучулар түстөрдүн жардамы менен өзүнүн жообун билдирет. Эгерде:
- «Жок» деп жооп бергиси келсе, кызыл түс,
-«Ооба» деп жооп бергиси келсе, жашыл түс,
-«Билбейм» деп жооп бергиси келсе, сары түс.

Мугалим окуучулардын жообуна карата талкууну алып бара берет. Эгерде окуучулардын баары бирдей түстү көрсөтүп турса, «Эмне үчүн?» деген суроону колдонууга тийиш. Ар бир окуучунун маалыматты өздөштүгөнүн байкоого өбөлгө болот
. Окуучулар сабактан кийин төмөндөгүдөй үлгүдө күндөлүк толтуруп, портфолиосуна жайгаштырып койсо болот.

Рефлексия күндөлүгү
Дата _________
Предмет ________
Сабактын темасы _________________
Жаңы аныктамаларды үйрөндүм ______________________________
Кайсы тапшырмаларды кызыгуу менен кыйынчылыксыз аткардым________________
Кайсы тапшырмаларды аткарууда жардамга муктаж болдум ______________________
Бул өтүлгөн теманы турмушта каерде колдонсо болот ______________________
Бул сабактан кийинки менин маанайым _________________________

.Кыргыз тили сабагынын мугалими Тилек кызы Гулзада төмөнкүлөргө токтолду:
Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусунун аздыгына байланыштуу, сабак өтүүдө заман

Сканировано с CamScanner

талабына ылайык жаны технологияларды колдонобуз. Ар кайсыл сайттардан тесттерди алып суроо -жооп   же жазуу түрүндө бааласа болот.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап усулдук кенештин мүчөлөрү төмөнкүдөй чечим кылат:

1. Ар бир предметтик мугалимге өз билимин үзгүлтүксүз жогорулатып туруу жагы милдеттендирилсин.
2. Чыгармачылык менен сабактарында интерактивдүү усулдарды колдонуу менен сабак өтүү ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.

Усулдук кенештин төрайымы: Джаналиева Э

Катчысы: Нурум кызы Элзада

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арла жалпы орто билим берүү мектебинин усулдук кеңешинин 2022-2023-окуу жылындагы 30-ноябрындагы өткөн кезектеги отурумунун 4 протоколу**

Бардыгы 33

Катышканы 32 Себептүү 1

Каралуучу маселе:

1. Олимпиадага, ЖРТга, Алтын сертификатка,PIZA-2025 Эл аралык изилдөөсүнө даярдоо тесттин түрлөрүн колдонуу ыкмасы.
2. Предметтик мазмундуу жана балдар адабиятынын чыгармаларын интеграциялоо жолдору. (мастер класс Мырзакалыкова Т, Дилдеева М)
3. «Биология сабагында кайтарым байланыштын ыкмаларын колдонуу»(мастер класс Кенжебаева Г)

   Угулду: Каралып жаткан 1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы төмөнкүлөргө токтолду. Усулдук кеңеште мугалимдер жамааты менен ар бир предметте өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштөө окуу жылынын алгачкы күндөрүндө эле талкууланып тастыкталат.Бирок жылыңкы окуу жылда башка-башка окуучу менен эмес,накта мурдатан педагогикалык кызматташтык,окуучу мугалим бирдикте аракеттенишүүнүн үзгүлтүксүздүгү сакталуу процессинин негизинде болот. Предметтик мугалим окуучу менен терендетилген программа боюнча класстан тышкаркы мезгилде сабак өтүшөт.Таланттуу окуучулардын өзүлөрүнүн аракеттери бири-бирине болгон атаандашып окуусу жакшы ийгиликтерди жаратат. Компьютерде дисктер аркылуу окуу,тесттердин суроолоруна жооп берүү окуучунун ынтызарлыгын жогорулатты. Мугалимдердин да олимпиадага даярдоо иши башкача денгээлге өзгөрдү.Олимпиадада ээлеген орун-мугалимдин ишинин натыйжасы экендигине ар биринин көзү жетти.Сабактан кийин кошумча тапшырма берүү таптакыр жоюлду.Ошондой эле 6-класстын окуучуларынан PIZAга даярдоо иретинде тест алынып, жыйынтык чыгарылды.

Угулду: Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча башталгыч класстын мугалими Мырзакалыкова Т төмөнкүлөргө токтолду: «Предметтик мазмундуу жана балдар адабиятынын чыгармаларын интеграциялоо» деген теманын негизинде бардык окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүүнү жана ишке катыштырууну жекелештирүүнү эске алуу менен окуу, жазуу жана башка мектеп предметтерин окутууда дифференцияланган жана интеграцияланган мамилени киргизүү аркылуу башталгыч мектепте окутуунун натыйжаларын жогорулатууга багытталган окуучулардын окуп түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүдө ар кандай стратегияларды колдонуу мене ниш алып баруудабыз. Сабакты окуучулардын окуу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша дифференциациялаштырып уюштуруунун ар түрдүү ыкмалары бар: мисалы, окуучуларга тапшырманы эки формада (төмөндөөчү кыйындыкта жана жогорулоочу кыйындыкта) сунуш кылуу.

1-формадагы төмөндөөчү кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска туюнуп-билүү маселесинин бир кыйла татаал варианты сунуш кылынат. Мыкты окуган күчтүү окуучулар тапшырманы өз алдынча чыгарууга киришип эмгектенишет. Бул убакта тапшырманы өз алдынча чыгара албагандар үчүн маселенин чыгарылыш жолун түшүнүүгө жардам берүүчү жалпы баяндама берем. Натыйжада дагы бир катар окуучулар өз алдынча иштөөгө киришет. Андан кийин да жардамга муктаж болгондорго дагы бир жолу жалпы көрсөтмө берем. Ошондон кийин да тапшырманы аткарууга кирише албаган болсо, анда аларга чыгарылыштын рационалдуу планы жазылган карточканы сунуш кылам. Натыйжада бүткүл окуучулар берилген тапшырманын чыгарылышын изденүү процессине катышып эмгектенишет.

Сканировано с CamScanner

2-формадагы жогорулоочу кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска жеңил аткарылуучу тапшырма сунуш кылыам. Бул тапшырманы баарынан мурда туура аткаргандарга эми мурункудан кыйыныраак тапшырма сунуш кылынам. Бул убакытта артта калган окуучуларга тиешелүү жардам көрсөтүп, алардын ишин башкарат. Эң акырында, даярдыктары эң мыкты окуучуларга жогорку татаалдыктагы тапшырма берилет.

Сабакта окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыз кылып жекечелештирүүнүн мындай формаларынын баалуулугу – учурда мугалим тигил же бул окуучунун даярдыгынын деңгээлин атап көрсөтпөйт, ар бир окуучу тапшырманы өз ыктыярынча тандап алат. Бирок, бул үчүн ар бир окуучу өзүнүн окуу мүмкүнчүлүгүн сунуш кылынуучу жумуштун кыйынчылык даражасына ылайыктай билүүсү зарыл. Окутууну дифференциациялоо максатында даярдыктары төмөн болгон окуучулар үчүн жалпы материалды кайталап түшүндүрүү жана ошол эле убакта ошол тема боюнча даярдыктары мыкты окуучулардын өз алдынча эмгектенүүлөрүн татаалдаштыруу ыкмасы колдонулат. Мындай тажрыйбанын мааниси төмөндөгүчө: Сабактын башталышында жаңы материалды бүткүл класс фронталдуу үйрөнөт. Даярдыктары мыкты окуучулар жаңы материалдын мазмунун толук түшүнүп кабылдаган сайын аларга улам өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар берип коём (китеп менен иштөө, көнүгүүлөрдү аткаруу жана башкалар) да, өзү жаңы материалды калган окуучулар менен иштеп чыгуусун улантат.

**Угулду:** Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча биология сабагынын мугалими Кенжебаева Г төмөнкүлөргө токтолду : Сабакта кайтарым байланыш мугалимге окуп-үйрөнүү процесси кандай жүрүп жаткандыгы тууралуу түшүнүк берет, окуучулардын жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымдайт. Бул процессти байкап барууга төмөндөгү ыкмаларды колдонууну сунуштайм.

**"Билим пирамидасы"**

Мугалим балдарга уй тапшырма берип жаткан учурда эле, бул ыкманы да айта кетсе болот.

Өтүлгөн тема боюнча алган маалыматтарын топтоштуруу

Өз билимдеринин пирамидасын түзүү.

Бул мындайча ишке ашырылат. Балдар кагазга же дептерлерине, алган маалыматтарын топтоштуруп алышат да, андан пирамиданы тургузушат.

3.Түзгөн пирамидаларын кийинки сабакка алып келишет.

4. Мугалим окуучунун түзгөн пирамидасына карап баалайт же балдардын түзгөн пирамидаларын бири-бирин баалоону уюштурат.

**«Эки беттүү куш кат»**

Телесабактан кийин окуучулардан төмөндөгү таблицаны толтуруу өтүнүү

| Өтүлгөн темадан мен үчүн түшүнүктүү болгон маалымат | Менин суроом бар |
|---|---|

Кайтарым байланыш убактысы келгенге чейин окуучулардан маалыматты топтоштуруу

Окуучулардын суроолорун типтештирүү

Суроолорго материалдарды, интернет шилтемелерди даярдоо

Таблицанын биринчи бөлүгүндөгү маалыматтар боюнча мини тест даярдоо

**«Бир мүнөттүк эссе»**

Бир мүнөттүк эссе жазуу үчүн мугалим төмөнкү суроолорду берет:

Бүгүн эмнени үйрөндүң?

Кайсы суроолор түшүнүксүз бойдон калды?

Мугалим окуучуларга тема боюнча үйрөнгөндөрү жөнүндө ой-пикирин билдирүү үчүн 1 мүнөт убакыт белгилейт.

Суроолор жана өздөштүрүлгөн маалыматтар менен талкуу уюштурат

**«Чынжырдагы маектешүү»**

Бир чыгарманын мазмунун кайра айтып берип жатканда колдонсо майнаптуу болот. Ал үчүн бир окуучу айтып бара жаткан жеринен мугалимдин жаңсоосу менен токтотулуп, кийинки окуучу улантат. Жооп аяктаганга чейин улантыла берет.

**«Жол чырак» (светофор)**

Сканировано с CamScanner

[redacted] чейин жол чырактын түсүн чагылдырган карточкаларды даярдап алуусу зарыл.
Мугалим кайсы бир ырастоону айтканда,маселен, окуучулар түстөрдүн жардамы менен өзүнүн жообун билдирет. Эгерде:
- «Жок» деп жооп бергиси келсе, кызыл түс,
-«Ооба» деп жооп бергиси келсе, жашыл түс,
-«Билбейм» деп жооп бергиси келсе, сары түс.
Мугалим окуучулардын жообуна карата талкууну алып бара берет. Эгерде окуучулардын баары бирдей түстү көрсөтүп турса, «Эмне үчүн?» деген суроону колдонууга тийиш. Ар бир окуучунун маалыматты өздөштүгөнүн байкоого өбөлгө болот
Кайтарым байланыштын дагы бир каражаты болгон кайтарым байланыш күндөлүктөрүнө да бир мисал келтире кетейин. Окуучулар сабактан кийин төмөндөгүдөй үлгүдө күндөлүк толтуруп, портфолиосуна жайгаштырып койсо болот.

**Рефлексия күндөлүгү**

Дата _________
Предмет ________
Сабактын темасы _________________
Жаңы аныктамаларды үйрөндүм _____________________________
Кайсы тапшырмаларды кызыгуу менен кыйынчылыксыз аткардым________________
Кайсы тапшырмаларды аткарууда жардамга муктаж болдум ____________________
Бул өтүлгөн теманы турмушта каерде колдонсо болот ______________________
Бул сабактан кийинки менин маанайым _________________________

Кайтарым байланыштын мындай ыкмалары бир нече. Балким, кайсы бир мугалим үчүн багыт болуп, чыгармачылык менен мындан ары өнүктүрүп кетүүсүнө өбөлгө болоор деп ойлойм. Жарыш сөзгө чыккан мугалимдер Андосова., Ибраева Г.Капарова А, интерактивдүү усулду колдонуп өткөн Мырзакалыкова Т, Дилдеева М, Кенжебаеванын сабактарын жакшы деп баалаcак болот деген ойлорун билдиришти.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап усулдук кенеш төмөнкүдөй чечим кылат:

1. Таланттуу окуучулар менен тынымсыз иш жүргүзүү, олимпиадага, ЖРТга, Алтын сертификатка даярдоо жагы күчөтүлсүн.

2. Интерактивдүү усулдарды колдонуп өткөн Мырзакалыкова Т, Дилдеева М, Кенжебаеванын сабактары жакшы деп табылып, интерактивдүү усулдарды колдонуу ар бир предметник мугалимге милдеттендирилсин.
3. Ар бир мугалим окуучуларды сабакка кызыктыруу үчүн тиешелүү окутуу технологияларын колдоно билүүсү белгиленсин.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Джаналиева Э

Катчысы: Термечикова.А

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арла жалпы орто билим берүү мектебинин усулдук кенешинин 2022-2023-окуу жылындагы 30- декабырда өткөн кезектеги отрумунун 5 протоколу**

**Бардыгы 33**
**Катышканы 30**
**Себептүү: 3**
**Каралуучу маселе**

1.«География сабагында класстын жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү формасын пайдалануу» (мастер класс, Султанбаева Р)
2.Мектепте жана райондо өткөрүлгөн олимпиадалардын жыйынтыгы

**Угулду:** 1-маселе боюнча Султанбаева Р төмөнкүлөргө токтолду. Окуучулардын ишмердүүлүгүн баалоо – педагогикалык процесстин маанилүү элементи болуп эсептелет, ал эми баа – мугалимдин тигил же бул милдетин аткарууда таасирдүү педагогикалык каражат. Кандай гана баалоо болбосун, ал окутуу-окуу процессинде мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсү канчалык натыйжалуу экендиги тууралуу окуучунун же мугалимдин маалымат алуу муктаждыгынан келип чыгат. Педагогикалык иш-аракеттердин негизги принциби – бул окуучулардын өнүгүүсүнө түрткү берүү. Баланын окуп-өнүгүү процесси ар дайым өзгөрүп турат. Окуучунун окууда өз алдынчалыкка, демилгелүү жана жоопкерчиликтүү болууга жетишүүсү үчүн баланын өзүн-өзү текшерип, баалоосу өзгөчө мааниге ээ, башкача айтканда, өзүнүн жана классташтарынын ишмердүүлүгүн өз алдынча текшерип, баалай алуусу, окуудагы кемчиликтеринин себептерин аныктап, аларды жоё алуу жөндөмдүүлүгү. Бул жөндөмдүүлүктү күнүмдүк практикада калыптандыруучу баалоону ар дайым колдонуу аркылуу калыптандырууга болот. Колдонмодо калыптандыруучу баалоонун өзгөчөлүктөрү, компоненттери жана алардын окуучунун жетишүүсүнө тийгизген таасири жөнүндө баяндалат. Ошону менен бирге тексттер менен иштөөдө белгилүү ырааттуулукта колдонулуучу калыптандыруучу баалоонун ыкмалары жана натыйжаларды каттоо технологиялары берилет. Сунушталган материалдардын бардыгы калыптандыруучу баалоону колдонуу боюнча мугалимдердин түшүнүгүн жогорулатып, көндүмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган, анткени калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын колдоно билүү – бул мугалимдин комптетенттүүлүгүнүн негизги бөлүгү, ал окуучулардын жетишүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет. Ар бир сабакта мугалим төмөнкү суроолордун тегерегинде ой жүгүртүүсү зарыл: – Өтүлгөн материалды окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрдү? – Аны мен кантип текшере алам? – Кайсы тапшырманы аткарууда окуучулар кыйналышты? Себеби эмнеде? – Эгерде тапшырма кыйынчылык туудурса, окутуу методикасында эмнелерди өзгөртүү зарыл? Эгерде мугалим булар жөнүндө ойлонбосо, сабактардын пландарын иштеп чыгуу, сабак учурунда жагымдуу чөйрө түзүү, билим берүү стандарттарын эске алуу жана сактоо, окуу планына ылайык күтүлүүчү натыйжаларды бербейт. Сабак учурунда окуучуларга берген билими таасирдүү болуусу үчүн мугалим жооп берет. Мен өзүмдүн сабагымда баалоо баракчаларын да колдоном. Окуучу өзүн өзү баалап, кайсыл суроого жооп бердим же жооп бере алган жокмун деп анализдөөгө жетише алат

**Угулду:** Каралып жаткан 2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы төмөнкүлөргө токтолду. Усулдук кеңеште мугалимдер жамааты менен ар бир предметте өзгөчөлөнгөн талanттуу окуучулар менен иштөө окуу жылынын алгачкы күндөрүндө эле талкууланып тастыкталат.Бирок жылыңкы окуу жылда башка-башка окуучу менен эмес,накта мурдатан педагогикалык кызматташтык,окуучу мугалим бирдикте аракеттенишүүнүн үзгүлтүксүздүгү сакталуу процессинин негизинде болот. Предметтик мугалим өзүнө económico кеминде сегизге чейин окуучу менен тереңдетилген программа боюнча класстан тышкаркы мезгилде сабак өтүшөт.Талanттуу окуучулардын өзүлөрүнүн аракеттери бири-бирине болгон атаандашып окуусу жакшы ийгиликтерди жаратат. Быйылкы окуу жылында компьютерде дисктер аркылуу окуу,тесттердин суроолоруна жооп берүү окуучунун

Сканировано с CamScanner

ынтызарлыгын жогорулатты. Олимпиадада ээлеген орун-мугалимдин ишинин натыйжасы экендигине ар биринин көзү жетти.

Мектеп боюнча ноябрда өткөрүлгөн мини олимпиаданын негизинде талanttуу окуучулардан ар бир предметен бирден аныкталды.Сабактар боюнча өткөрүлгөн олимпиаданын сапаты боюнча тесттик,жазуу иштери,оозеки жооптордун негизинде «мыктынын мыктылары» иргелди. Предмет боюнча мини олимпиаданын натыйжасы менен 19-20-декабрда өткөрүлүүчү райондук олимпиадага жалаң I орунду ээлеген окуучу катталды. 28 окуучу райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышкан. 28 окуучунун ичинен 4 окуучу байгелүү орундардын ээси болду. Алар: физика сабагынан 11-класстын окуучусу Калыева А 2-орун, мугалими Капарова А, биология сабагынан 11-класстын окуучусу Мырзабекова А 2-орун, мугалими Кенжебаева Г, химия сабагынан 9-класстын окуучусу Аманатова Т 3-орун, мугалими Жумалиева З, англис тили сабагынан К 9-класстын окуучусу АйткуловаК 3-орун, мугалими Сенарбекова Э. Окуучу менен иштөө жыл бою ырааттуу, изденүүчүлүк менен бир күн да үзгүлтүксүз иштөө кийинки жылдагы жетишкендикке жол салат.

Жарыш сөзгө чыккан мугалимдер Андосова А.,Кенжебаева Г., Ибраева Г., интерактивдүү усулду колдонуп өткөн Султанбаева Р сабактарын жакшы деп бааласак болот деп өз ойлорун билдиришти.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап усулдук кенешке катышкандар төмөнкүдөй чечим кылат:

Чечим:

1. География сабагынын мугалими Р. Султанбаеванын өтүлгөн сабактары жакшы деп белгиленсин, баалоо баракчалары предметтик мугалимдерге сунушталсын.
2. Талanttуу окуучулар менен тынымсыз иш жүргүзүү жана олимпиадага даярдоо күчөтүлсүн.
3. Ар бир мугалим окуучуларды сабакка кызыктыруу үчүн тиешелүү окутуу технологияларын сабакта көбүрөөк колдоно билүүсү белгиленсин.

Окуу бөлүмүнүн башчысы : Джаналиева Э

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арла жалпы орто билим берүү мектебинин усулдук кеңешинин 2022-2023-окуу жылындагы 31-январындагы өткөн кезектеги отрумунун 6 протоколу**

Бардыгы 33

Катышканы 32

Каралуучу маселе:

1. .Дифференциалдык жана интеграциялык окутуу усулдары (мастер класс Орозобекова Н)
2. Информатика сабагында «Rahoot», «Zip Crade» тесттик ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын логикалык ой жөндөмүн өстүрүү. (Нурум кызы Элзада)

Угулду: Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча математика сабагынын мугалими Орозобекова Н төмөнкүлөргө токтолду: Сабакты окуучулардын окуу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша дифференциациялаштырып уюштуруунун ар түрдүү ыкмалары бар: мисалы, окуучуларга тапшырманы эки формада -төмөндөөчү кыйындыкта жана жогорулоочу кыйындыкта сунуш кылуу.

1-формадагы төмөндөөчү кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска туюнуп-билүү маселесинин бир кыйла татаал варианты сунуш кылынат. Мыкты окуган күчтүү окуучулар тапшырманы өз алдынча чыгарууга киришип эмгектенишет. Бул убакта тапшырманы өз алдынча чыгара албагандар үчүн маселенин чыгарылыш жолун түшүнүүгө жардам берүүчү жалпы баяндама берем. Натыйжада дагы бир катар окуучулар өз алдынча иштөөгө киришет. Андан кийин да жардамга муктаж болгондорго дагы бир жолу жалпы көрсөтмө берем. Ошондон кийин да тапшырманы аткарууга кирише албаган болсо, анда аларга чыгарылыштын рационалдуу планы жазылган карточканы сунуш кылам. Натыйжада бүткүл окуучулар берилген тапшырманын чыгарылышын изденүү процессине катышып эмгектенишет.

2-формадагы жогорулоочу кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска жеңил аткарылуучу тапшырма сунуш кылыам. Бул тапшырманы баарынан мурда туура аткаргандарга эми мурункудан кыйыныраак тапшырма сунуш кылынам. Бул убакытта артта калган окуучуларга тиешелүү жардам көрсөтүп, алардын ишин башкарат. Эң акырында, даярдыктары эң мыкты окуучуларга жогорку татаалдыктагы тапшырма берилет.

Сабакта окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыз кылып жекечелештирүүнүн мындай формаларынын баалуулугу – учурда мугалим тигил же бул окуучунун даярдыгынын деңгээлин атап көрсөтпөйт, ар бир окуучу тапшырманы өз ыктыярынча тандап алат. Бирок, бул үчүн ар бир окуучу өзүнүн окуу мүмкүнчүлүгүн сунуш кылынуучу жумуштун кыйынчылык даражасына ылайыктай билүүсү зарыл. Окутууну дифференциациялоо максатында даярдыктары төмөн болгон окуучулар үчүн жалпы материалды кайталап түшүндүрүү жана ошол эле убакта ошол тема боюнча даярдыктары мыкты окуучулардын өз алдынча эмгектенүүлөрүн татаалдаштыруу ыкмасы колдонулат. Мындай тажрыйбанын мааниси төмөндөгүчө: Сабактын башталышында жаңы материалды бүткүл класс фронталдуу үйрөнөт. Даярдыктары мыкты окуучулар жаңы материалдын мазмунун толук түшүнүп кабылдаган сайын аларга улам өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар берип коём (китеп менен иштөө, көнүгүүлөрдү аткаруу жана башкалар) да, өзү жаңы материалды калган окуучулар менен иштеп чыгуусун улантат.

Угулду: 2-маселе боюнча информатика сабагынын мугалими Нурум кызы Элзада төмөнкүлөргө токтолду: Сабак учурунда окуучулар ортосунда, ошондой эле окуучулар менен мугалимдердин ортосунда карым катыш жогорку денгээде жүрсө биз мындай окутууну жана сабак берүүнү интерактивдүү ыкма деп айтабыз. Мындай карым-катыш адатта кайсы бир көйгөйдү кантип чечүү керек жана сунуш кылынган чечим канчалык

Сканировано с CamScanner

алгылуктуу деп жүргүзүлүп жаткан талкуу түрүндө болот. Мындагы башкы нерсе маселени чечүү процессин анын жообундай эле чечүү маанилүү экендиги, себеби, интерактивдүү усулду колдонуудагы биздин максат окуучуларга маалымат берүү эле эмес алардын жоопторун өз алдынча таба билүү көндүмдөрүн да калыптандыруу болуп саналат.

Интерактивдүү окутуу-бул мугалим менен окуучунун ортосундагы активдүү кызматташтык. Ошондой эле информатика сабагында окуучулардын логикалык ой жөндөмүн өстүрүү максатында «Rahoot», «Zip Crade» тесттик ыкмаларды колдоном. Интернеттен алынган тесттер менен окуучулар абдан кызыгуу менен иштешет.

Жарыш сөзгө чыккан мугалимдер Андосова А.,Кенжебаева Г., Ибраева Г., Капарова А интерактивдүү усулду, методдорду колдонуп өтсөк окуучулардын билим сапатынын жогорулашына өбөлгө болот деген ойдобуз- деген ойлорун билдиришти.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап усулдук кенеш төмөнкүдөй чечим кылат:

1. Интерактивдүү усулдарды колдонуп өткөн Орозобекова Н, Нурум кызы Элзаданын сабактары жакшы деп табылып, интерактивдүү усулдарды сабакта колдонуу ар бир предметник мугалимге милдеттендирилсин.
2. Ар бир мугалим окуучуларды сабакка кызыктыруу үчүн тиешелүү окутуу технологияларын колдоно билүүсү белгиленсин.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Джаналиева Э

Катчысы: Нурум кызы Элзада

Сканировано с CamScanner